**2016-2017 окуу жылы**

## Мрамор орто мектебинин жалпы ата-энелер чогулушунун

## Протоколу №1

01.09.2016

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.Ата-энелер комитетинин төрагасын шайлоо.

2. БУУнун «1-4 класстардын окуучуларын ысык тамак менен камсыз кылуу» проектисине кирүү.

Катышкан ата-энелердин саны-515

Сөз Мрамор орто мектебинин директору Ашымбаева Д.А. га берилди:

« Урматтуу ата-энелер саламатсыздарбы! Сиздер билгендей өткөн окуу жылында Узенов Жусуп ата-энелер комитетинин төрагасы болчу. Ал эми быйылкы окуу жылында Узенов Жусуп байке жумуштарына байланыштуу баш тартууда. Сиздердин балдарыңыз үчүн, мектеп үчүн иштеп бере турган комитеттин төрагасын шайлап бериңиздер.

Ал эми экинчи суроо боюнча, БУУнун «Башталгыч класстардын окуучуларын ысык тамак менен камсыз кылуу» проектиси өздөрүнүн кызматын сунуштап жатышат. Бул проектти мен колдойм, биздин балдарыбыз үйдөн тамак дайым эле ичип келишпейт. Окуучуларыбыздын да ден соолугуна чоң таасирин тийгизет. Үйдөн жебеген кээ бир продукталарды бул жактан классташтары менен биргеликте жешет, убагында тамактанышат. БУУ тарабынан ашкананы жабдыктар менен (деңгээлдүү нан бышыруучу печка, төрт көздүү тамак бышыруучу меш, 2 жана 3 раковина) камсыз кылышты жана байытылган ун бекер берилет.

Урматтуу ата-энелер проекттин жобосу боюнча, ата-энелер өз салымын кошуу керек. Мына ошол суроо боюнча сиздердин ойлоруңузду күтөм.

Узенова Ажар: Саламатсыздарбы ата-энелер! Мен врач катары сунуштайт элем. Жогоруда айтылгандай балдардын ден-соолугуна абдан чоң таасирин тийгизет. Окуучулардын физикалык акыл эсинин өсүшү үчүн биртке акчабызды аябай эле койсок.

Маркабаева Саткыдай: Саламатсыздарбы! Бул проектинин максаты балдардын ден-соолугун чыңдоо болуп жатат, Максаты жана иши өтө жакшы экен. Мен колдойм.

Чечейбаева Г.А: Бул проект министрлик менен чогуу иш алып барабы?

Ашымбаева Д.А: Ооба, министрлик менен чогуу иш алып барат.

Жалпы ата-энелер проектти бир добуштан колдошту.

Ашымбаева Д.А: Ата-энелер балдардын ден-соолугун, өсүүсү үчүн проектти колдоп бергениңиздер үчүн чоң рахмат. Эми биринчи суроо боюнча ата-энелер комитетинин төрөгасын шайлап берсеңиздер.

Ырыскулова Перизат: Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер! Мен көп жылдан бери мектепте, класстын ата-энелер комитетинин төрайымы болуп келем. Райымбеков Уланды сунуштамакмын. Жалпы ата-энелер Ырыскулова Перизаттын сунушун колдоп, Райымбеков Уланды кандидатын бир добуштан колдошту.

Чечим:

1. Жалпы ата-энелер комитетинин төрөгасы Райымбеков Улан шайланды.

2.БУУнун «1-4 класстын окуучуларын ысык тамак менен камсыз кылуу проектисин колдошту.

Төрайым:

Катчы: